| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА” |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**30-апрель 2024-жыл № 5** **Совет айылы**

**Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 52 токтомунун 6-пунктуна ылайык, Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысынын дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылууга байланыштуу чаралар боюнча сунушун угуп, Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектүү III-сессиясы **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартиби (мындан ары – Тартип) дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин 1-тиркемеге ылайык киргизүү менен бекитилсин.

2. Кеңеш айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Э.Турдукулов Тартиптин бекитилген функцияларын аткаруу, кызматтарды уюштуруу жана милдеттенмелерди аткаруу бөлүгүнүн ишке ашырылуусун камсыз кылсын.

3. Кеңеш айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги № 5 токтомун Жалал-Абад облустук юстициянын башкармалыгында каттоодон өткөрсүн.

4. Ушул токтомдун аткарышылын көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңештин бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**

Кенеш айылдык кеңешинин
2024-жылдын 30-апрелиндеги
№ 5 токтомуна 1-тиркеме

Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин чечүүнүн алкагында дыйкандардын сугат сууга жетишин камсыз кылуу боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин ТИЗМЕГИ

| № | Кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин аталышы | Аткаруу үчүн жооптуу жак |
|---|---|---|
| **1. Кызматтар** | | |
| 1.1. | Сугат суусун суу пайдалануучуларга жеткирүү | Суу пайдалануучулар ассоциациясы (келишим боюнча) |
| **2. Функциялар** | | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын бассейндик кеңештин ишине катышуусу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктердин реестринде ирригациялык курулмаларды эсепке алууну жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык бөлүмү |
| 2.3. | Кызмат көрсөтүүчүлөр менен ирригациялык курулмаларды колдонуу боюнча келишим түзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.4. | Суу пайдалануу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсыз кылуу эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Суу чарбасынын райондук башкармалыгы менен сугат суусун жеткирүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.6. | Суу колдонуу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсыз кылуу эрежелерин бузганы үчүн суу пайдалануучулардан административдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтардын төлөмүнүн (ИКТ) наркын эсептөө жана бекитүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 2.8. | Айылдын аймагында ирригацияны өнүктүрүү боюнча инвестициялык программаны иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |

| 3. Милдеттенмелер | | |
|---|---|---|
| 3.1. | Ирригациялык курулмаларды кызмат көрсөтүүчүлөргө муниципалдык мүлктүн объекттери катары колдонууга берүү | Айыл өкмөтү |
| 3.2. | Ирригациялык курулмаларды камсыз кылууга амортизациялык чегерүүлөрдү толук же жарымжартылай компенсациялоо | Айыл өкмөтү |
| 3.3. | Суу пайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүп берүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 3.4. | Субсидия аркылуу кызмат көрсөтүүчүлөрдүн чыгымдарын компенсациялоо | Айыл өкмөтү |